*УДК:370. 187. 4*

*Садыбакасова А.*

# ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

*Садыбакасова А.*

# ОСОБЕННОСТИ ТЕХНОЛОГИИ ЛИЧНОСТНО-ОРИЕНТИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ

*A. Sadybakasova*

# FEATURES OF TECHNOLOGY OF THE PERSONAL FOCUSED TRAINING

**Аннотация**: Бул макалада инновациялык окутуу технологиясы, инновациялык окуутуу технологиясынын өзгөчөлүктөрү жана инновациялык сабактын салттуу сабактан айырмачылыгыжөнүндө сөз болот.

**Негизги сөздөр**: инсан, инсанга багытталган окутуу, салттуу окутуу, интерактивдүү окутуу, инновациялык окуутуу технологиясы.

**Аннотация:** В статье рассматриваетсяиинновационные технологии обучения и особенности инновационных технологии обучения и различиетрадиционных и инновационныхуроков.

**Ключевые слова**: личности, личносто ориентированное обучение, традиционное обучение, интерактивное обучение, инновационные технологии обучения.

**Annotation.** The article discusses iinnovatsionnye training technology and features innovative learning technology and the difference between traditional and innovative lessons.

**Key words:** personalities, personalities the oriented educating, traditional educating, interactive educating, innovative technologies of educating.

Инновациялык окуутуу технологиясы – ар бир окуучунун методдорун окутуу жана тарбиялоо каражаттарын издөөгө аракеттенет: өзүнө психикодиагностиканын методикасын алуу менен окуучулардын мамилесин жана иш аракеттерин уюштуруусун өзгөртүү, окутуунун ар кандай каражаттарын колдонуу, окутуунун негизин башкача түзүп чыгуу каралат.

Инновациялык окутуу технологиясы – салттык окутуу системасында колдонулган окуучуга автаритардык мамиле кылуусуна каршы турат да, окуучуну сүйүүгө, биргелешип иштешүүгө, чыгармачылыкка жана өз алдынча иштөөгө шарт түзүп берет.

Инновациялык окутуу технологиясы Инновациялык окуутуу технологиясынын өзгөчөлүктөрү төмөндөгүдөй.

- Тең укуктуулук

Инновациялык окутууда тең укуктуулукка багытталган окутуу экенин мугалим дайыма билиши керек. башкача айтканда мугалим жана окуучу окутуу процессинде тең укуктуу субьект катары каралат. Мугалим биринчи орунда окуучуга тең укуктагы өнөктөшү болууга тийиш, жана окутуу процессин тийиштүү мүнөздө жеңилдетүүгө милдеттүү. Ушундан кийин мугалим окуучуга лидер жана үлгү боло алат. Кыскасын айтканда окуучу мугалимди карап үлгү алаарын мугалим эч унутпашы керек.

- Окуучунун инсандык тажрыйбасын эске алуу.

Биз билгендей инновациялык окутуу биринчи орунда окуучунун инсандык тажрыйбасына багыт алып окутуу болгондуктан, мугалим окуучунун даярдык деңгээлин жана жөндөмдүүлүгүн билүүгө тийиш. Мугалим окуучунун инсандык тажрыйбасын эсепке албаса инсанга багытталган окутуу тууралуу сөз да болбошу керек.

- Таануу көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Инновациялык окутуу учурунда окуучунун табигый билгичтик көндүмдөрү негизги ролду ойнойт. Мында чоң кишилердин милдети баланын ар кандай өнүгүүсүнө жана жаңы нерселерди таанууга умтулуусуна көмөк көрсөтүү керек. Мындан тышкары баланын ата-энеси жана мугалими ал биле элек таанууларга жетүү максат жолдорун көрсөтүп же багыт берүү зарыл. Ушул жөндөмдөргө жана көндүмдөргө ээ болуу менен окуучу мектеп программасынын окуу материалын ийгиликтүү өздөштүрө алат. Башкача айтканда бардык маалыматты системалоо жана жалпылоо инсанга багыттап окуткан мугалим окуучуларды кантип бардык окуу материалын эффективдүү түшүнүп окуусуна шарт түзөт. Ушул тууралуу реэлдик притчаларда айтылгандай “кедейлер жана кайырмак” жөнүндө мисал келтире кетсем. Мында кедейлерге балыктын өзүн бербеш керек, анткени аны бат эле жеп коюшат, анын ордуна кайырмакты берүү керек алар балык кармаганды өз алдынча үйрөнүп алышат да, балык жегилери келгенде өздөрү кармап жешет дегендей. Инсанга багытталган окутуудаокуучуларды өз алдынчалуулукка үйрөтүү керек. Эгерде мугалим окуучуга кантип туура окуганды үйрөтсө, анда окуучу 70%ке билим алат. А эгерде мугалим окуучуларды окуу процессинде окууга кызыктырган болсо, анда окуу жетишкендиктери 100% болот деп ишеним берем. Инсанга багытталган окутуу мына ушул кызыктыруу менен түптөлгөн окутуу болуп эсептелинет.

- Окуу предметинин өзгөчө логикалуулукта түзүлүүсү.

Тилекке каршы көп жылдар бою бардык мектептерде окутуу материалынын классикалык түрүн колдонуп келишүүдө. Инсанга багытталган окутуу такыр башка принциптерде түзүлүшү керек. Ошону менен бирге логикалык түзүлүштөгү окуу предмети эң биринчиден окуучунун маалыматтарды түшүнүүсүн жана өздөштүрүүсүн эске алуу менен туура келтирип түзүү керек. Ушундай учурда эгерде мектептин программасынын өзгөчөлүктөрүн жана мугалимдин кызыкчылыктарын эске алсак, балким окуучунун кызыкчылыктарына каршы болбойт. Мисалга алсак окутуу процесси “жөнөкөйдөн татаалга” өтүү принцибинде түзүлгөн. Бир чети бул принцип деле туура, себеби окуучу санды билбей туруп, математиканы окуй албак эмес. Бирок окуучунун кызыкчылыгын көздөп, ал эмнеге кызыгып, биринчи кайсыны үйрөнүп окугусу келип жатканын эске алуу менен окутуу программасынанбаш тартууга дагы болот. Бирок баары ойдогудай боло бербейт, себеби инсанга багытталган окутуу азыркы убакта эксперименталдуу стадияда окутулуп жатканы бизге белгилүү.

Инсанга багыттап окутуу принциби окуу предметинин өзгөчө логикалуулукта түзүлүүсү педагогдордун профессионалдуулугун талап кылат.

- Окуучунун чыгармачылык жактан өсүүсү.

Инновациялык окутууда баланын чыгармачылык жактан өсүүсүнө өзгөчө көңүл бурат. Жалпы билим берүү системаны окуучунун чыгармачылыгын белгилүү автордун чыгармачылыгы менен бирге кетиши керек деп бала белгилейт. Инсанга багытталган окутууда бул чоң ката деп эсептейт. Себеби окуучу өзүнүн чыгармачылыгын белгилүүлөрдүн чыгармачылыгы менен салыштырууда, өзүнүкү окшошпой калганын сезип, чыгармачылыгынан корунуп аракет кылбай баштайт. Ошондуктан окуучу

чыгармачылыктын кайсы түрүнө кызыгатурганын жана ошол тармакта иштей турганын өзү тандашы керек. Окуучу ошол чыгармачылыктан өзүн-өзү таба алгандан кийин гана маданиятка белгилүү чыгармачыл адамдардын чыгармалары менен тааныштырыш керек. Окуучуну дүйнөлүк маданиятка тартуу баардык жактан өнүгүшүнө алып келет.

Инновациялык окутууда төмөнкү принциптерди бөлүп карайт:

1. Мугалим ар бир окуучу уникалдуу экенин таанып билет.

Бул принципте окуучуларокууга ар кандай шык жөндөмгө ээ экенин эске алуу керек. Ал ар бир окуучу окуу ишмердүүлүгүнө индивидуалдуу мамиле кылуу формасында жана ошол ишмердүүлүктүн жыйынтыгы менен ишке ашат.

2. Ар бир адам уникалдуу экенин окуучу жана мугалим билиши керек.

Бардык окуучулар ар бир окуучунун индивидуалдык баалуулуктары бар экенин билиши керек. Мугалим окуучунун пикирин жана оюн сыйлашы керек жана окуучулар да бири-бирин, мугалимдин оюн жана пикирин сыйлашы керек.

Адамдын уникалдуу баалуулуктарын таануу-бул инсанга багытталган окутуунун ийгилиги деп эсептейт.

3. Ар бир окуучу башка окуучу менен гумандуу мамиледе иш алып баруусу зарыл.

Окуучулардын ортосунда толеранттуулук болуш керек. Окуучу башка окуучунун көз карашын, мотивин жана иш аракетин кабыл алууга аракет кылуусу абзел. Биргеликте иштешүү анын оюн ошол бойдон калтырат же өзгөртөт. Коммуникативдик иш окуучулардын бири-бири менен иш алып баруусунда окуучунун инсан болуп калыптанышын камсыз кылат жана жаңы билимдерге ээ болот.

4. Өз алдынча же коллектив менен иштөө тарыхый-маданияттын жетишкен-диктерин танбайт, тескерисинче салыштырат. Коммуникативдик иш сыяктуу эле тарыхый-маданиятты окуучулар салыштыруу аркылуу окуп үйрөнүшөт.

5**.** Окуучунун окуудагы жыйынтыгын баалоо өзү жана мугалим тарабынан жүргүзүлөт. Бул баалоолор жалпы окутуу системасына дал келүүсү керек.

Инновациялык окутуунун этаптары.

Инновациялык окутуу бир нече этаптардан турат. Ар бир этап өтө маанилүү. Жогоруда айтып өткөндөй окутуу процесси эркин жүргүзүлөөрүн жана мындан кийин окуучу мугалимдин айтканы менен окубастан, тескерисинче мугалим окуучунун өзгөчөлүктөрүнө жана керектөөлөрүнө жараша сабакты уюштурушат. Инсанга багытталган окутуу төмөндөгү этаптарды өзүнө камтыйт.

"Мугалим окуучу" өз ара аракеттенүү тиби. Инновациялык окутууда "мугалим окуучу" мамилелерин өзгөртүп түзөт. Салттык окутуу системасында мугалим башкаруу стилин колдонсо, инсанга багыттап окутууда окуучулар менен кызматташтыктаболот.

Бул түзүлүштө окуучунун позициясы эң маанилүү, жөн гана мугалимдин берген тапшырмаларын механикалык түрдө аткаруудан, окуучу активдүү чыгармачыл процесске өтөт. Окуучу сабак бүткөнүн санап отурбастан анын ойлонуу тиби да өзгөрүп ал ийгиликтүү жетишкендиктерге умтула баштайт. Сабак да координалдуу өзгөрөт, окуучулар ынтымактуу жана активдүү иштешет. Инсанга багытталган окутууда окуучулар коркпой өз ойлорун айта алышат жана мугалимге өзүн кызыктырган суроолорду бере алышат.

Максатка жетүү.

Инновациялык окутуу биз күткөн жыйынтыкты берүү үчүн, окуучу өзүнүн максаттарын мугалимдин жардамы менен аныктап алуусу керек. Максаткажетүү үчүн глобалдуу максаттарды койбостон, кыска мөөнөткө жете тургандай максаттарды коюшу керек. Себеби балдардын психологиясы чоң адамдардыкындай көпкө бир нерсеге көңүлүн

токтото беришпейт. Ошондуктан бир жылдык максаттарды түзбөстөн, бир күндүк, жумалык, же бир айлык жана бир чейректик кылып мугалим түзүшкөнгө жардам бериши керек.

Мындай максаттарды коюу менен окуучуда өзүнөишенүүчүлүк, өзүн-өзү баалай билүүсү жана эң негизгиси окутуу процессине кызыгуусу артат. Окутуу процесси активдүү болуп, окуучу өз алдынча иштөөгө жана билүүгө умтула баштайт.

Ушундай окутуу процессистандарттык окутуу методикасына караганда, окуучуларга көбүрөөк пайдалуу болуп эсептелинет.

Мугалимдин иш аракети.

Инсанга багытталган окутуу менен багыт алган мугалим дайыма окутуу ишин туура уюштуруусу керек. Ал биринчиден өздүк ишинуюштуруудан башташы керек. Бул окутуунууюштурууда башында мугалим эмес, окуучу турушу зарыл. Инсанга багытталган окутууда окуучу негизги фигура катары каралат. Мугалим психоэмоционалдуу атмосфераны түзүп жана колдоо менен окуучунун ийгилигин мактап же ийгиликке жетишпей калса, анын кайгысын урушпастан бирге бөлүшүп, колдоо көрсөтүү мугалимдин милдети. Мугалим баардык окуу планын кылдаттык менен иштеп чыгуу керек. Окуучу өз максаттарына жетишине мугалим окуу процессин жакшы уюштуруусу зарыл.

Инновациялык сабактын өзгөчөлүктөрү.

1. Иштиктүү дидактикалык материалдын ар кандай типтеги көрүнүшү жана формасы, максаттын аныкталышы, орду жана убактысы жана анын сабакта колдонулуусу.

2. Мугалимдин ойлоп табуусунда окуучунун өз алдынча иштөөсүн алар оригиналдуу ойлорун айтуусу, суроолорду берүүсүн камсыз кылат.

3. Окуучулар бири-бири менен ойлору жана пикирлери менен алмашуусун уюштуруу, окуучуларды окууга стимулдаштырат.

4. Субьектүү тажрыйба жана таянычтарды сабак учурунда пайда болгон кыйын жагдайда ар бир окуучу өз билимдерин интуициясында колдонот.

5. Ийгилик жаратуу үчүн ар бир окуучу умтулат.

6. Окучулардын альтернативдүүмаалымат издөөчү сабактарга даярданышына түрткү болот.

7. Орду – орду менен ойлонуштурулган ар түрдүү иштер, ар кандай тапшырмалар, окуучулардын чарчагандарын азайтат.

8. Окуучуларга байкоо жүргүзүү.

Инновациялык окутууда окуучу жана мугалим ар башка деңгээлдеги тажрыйбаны алып жүргөн тең укуктуу өнөктөш катары каралат. Бир теманы карап талкуулап жатканда мугалим окуучунун оюн түшүнүү менен кароо керек. Педагог окуу материалын сунуштап эле тим болбостон, окуучу ушул берилген материалды өздүк тажрыйбасында кантип иштеп чыгаарын жана жашоо ишмердүүлүгүнө кандай таасир тийгизерин алдын ала билиши керек. Ушундай шартта талкууланып жаткан тема боюнча активдүү талкууга катышат жана коркпостон өздөрүнүн варианттарын айтышат. мугалим окуучулардын өздүк индивидуалдык көз карашын айтканга түрткү берет. Сабак учурунда талкуулар, жөн гана билимдерди кайта өндүрүү эмес, коллективдик билим багытталат. Мугалим дидактикалык материалдарды тандоодо бир гана обьективдүү оорчулугун эсепке гана албастан, ар бир окуучунун индивидуалдуулугун жогору баалоону да эсепке алышышы керек. Мындай тандап алуу процессинде кылдаттык мененколдонуу керек.

Ушундай сабакты өтүү үчүн алдын ала окуучулардын бири-бири менен пикир алышуусун ар кандай түрлөрүн биргелешип иштөө формасын пландоо керек.

Ич ара аракеттешүү сабагы өзүнүн ичине төмөндөгүлөрдү камтыйт.

- баарлашуунун ар түрдүү формасын колдонуу.
- инсандык өзгөчөлүктөрүнө жараша, группаларда иштөөнү талап кылуу (группаларга, жупка бөлүү)
- класста коллективдүү иштөөнү уюштуруу.

Сабакта билим билгичтик жана көндүмдөрдү өздөштүрүүсү, индивидуалдуу жана группа менен иштөөнү анализдөө, кунт коюу менен берилген тапшырмаларды аткаруусу жана сабактын аягында “эмнени билгенин” жана үйрөнгөнүн билүү менен жыйынтыкталып бааланат.

Инсанга багыттап окутуу сабагынын негизги идеясы өтүлүп каралып жаткан тема боюнча окуучулардын субъектик (таанып билүүчүлүк) тажрыйбасынын мазмунун ачып аныктап аны үйрөнүлүүчү билим менен байланыштырып туура келиштирип, тиешелүү илимий мазмунга өткөрүү жана ошонун негизинде материалдын өздөштүрүлүшүн камсыз кылуу болупэсептелинет. Ал үчүн жекече тапшырма карточкалар (иллюстративдик, таркатылып берилүүчү материалдар) керек.

Традициалык сабакта мугалим өзүнүн негизги көңүлүн, окуучуларга материалды маалымдап тушүндүрүүгө бурат. (ал үчүн ар түрдүү методдорду пайдаланат): ал эми инсандыкка багыттап окутуу сабагында мугалим диологду уюштуруучу координатордук ролду аткарып, окуучуларды (өздөштүрүүлөрү боюнча гана эмес)алардын жекече бөтөнчөлүктөрү боюнча бөлүштүрүүдөгү жардамчысы болуп кызмат кылат да, ар бир окуучунун максималдуу эмгектенишиүчүн жагымдуу шаттарды түзөт.

Инновациялык сабак традициалык сабактан эң биринчи мугалимдин окуучуга болгон мамилесинин өзгөрүүсү менен айырмаланат. Башкача айтканда традициялык сабакта мугалим административдик команда берүүчү функцияны аткарса, инсанга багытталган сабагында мугалим окуучуга сунуш берүүчү функцияны аткарат. Материалды ар бир окуучунун бөтөнчөлүктүү жөндөмүнө жараша иштетүү үчүн мугалим ага болгон табитин башкача айтканда ал материалга эмне үчүн кызыга турганын, же тескерисинче эмне себептен материалды өздөштүрө албай, алы келбей жаткандыгын билиши керек.

Мына ошентип инновациялык сабакта:

1. окуучу менен мугалимдин өз ара мемилелешүүсү командалыктан кызматташтыкка өтөт:
2. мугалимдин иши сабактын натыйжалуулугуна эмес баланын окуу процесси кандайча жүргөнүн аныктоого багытталат:
3. окуучунун позициясы өзгөрөт: ал жөн эле тил алгыч аткаруучулуктан, активдүү чыгармачылыкка, маселе чыгарууда өзүнүн интеллектуалдык аракеттерин (анын ичинде катачылыктарын да) рефлексиялоочулукка (өз башынан өткөргөндөрдү анализдөөчүлүккө) көнүгөт.

Демек, сабактарда жогорудагы иш аракеттер жүргүзүлөт, изилдөө долбоорлору колдонулат, ролдук оюндар, ар кандай идеялардын булактары менен иш жүргүзүлөт, чыгармачыл иш аракеттер пайдаланылат.

Ошондуктан, мугалим окуучулардын билим, билгичтик жана көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн, азыркы интерактивдүү окутуунун эффективдүүлүгүн жакшы билүүгө тийиш.

**Рецензент:к. пед. н., доцент Казиева Г. К.**